# ТТК (SIC) 29 түшүндүрмөсү
## *«Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар: маалыматты ачып көрсөтүү»*

## Шилтемелер

- *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16
- *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган)
- *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16 (2003-жылы кайра каралган)
- *«Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37
- *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38 (2004-жылы кайра каралган)
- *«Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулар»* ЭФОТК (IFRIC) 12 түшүндүрмөсү

## Маселе

1 Ишкана (оператор) башка ишкана (концедент) менен экономикалык жана социалдык инфраструктуранын негизги обьектилерине коомдук жеткиликтүүлүктү камсыз кылган кызматтарды көрсөтүү тууралуу макулдашуу түзүшү мүмкүн. Мамлекеттик же жеке сектордун ишканалары, анын ичинде мамлекеттик бийликтин органы дагы концедент боло алат. Суу тазалоочу жана суу менен камсыздоо объектилерине, автострада, автотоктотмо, туннелдер, көпүрөлөр, аэропорттор жана телекоммуникациялык тармактардын объекттерине карата макулдашуулар кызмат көрсөтүү тууралуу концессиялык макулдашуунун мисалы болуп саналат. Ишкана өзүнүн ички процесстерин (мисалы, кызматкерлер үчүн ашкана, имаратты тейлөө, бухгалтериянын же маалыматтык технологиялар бөлүмүнүн фукциясын) тышкы подрядчыларга аутсорсингге өткөрүп берүү тууралуу макулдашуу кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык эмес макулдашуу болуп саналган макулдашуунун мисалы болуп саналат.

2 Кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу адатта концедент операторго концессиялык макулдашуунун колдонуу мөөнөтүндө төмөндөгүлөрдү өткөрүп берүүсүн болжолдойт:

(a) экономикалык жана социалдык инфраструктуранын негизги обьектилерине коомдук жеткиликтүүлүктү камсыз кылган кызмат көрсөтүү укугун; жана

(b) айрым учурларда материалдык активдерди, материалдык эмес активдерди же финансылык активдерди пайдалануу укугун;

анын ордуна оператор:

(c) концессиянын мезгили бою белгилүү бир шарттарга жана талаптарга ылайык кызматтарды көрсөтүүгө милдеттенет; жана

(d) эгерде колдонулса, концессиянын мезгилинин акырында концессиянын мезгилинин башталышында же концессиянын мезгилинин аралыгында алган жана/же сатылып алынган укуктарды кайтарып берүүгө милдеттенет.

3 Оператор бир эле мезгилде коомдук кызматтарды көрсөтүүгө укук жана милдеттенме алганы кызмат көрсөтүүгө бардык концессиялык макулдашуулардын жалпы мүнөздөмөсү болуп саналат.

4 Оператордун жана концеденттин финансылык отчеттуулугунун эскертүүлөрүндө кандай маалыматтар ачып көрсөтүлүүгө тийиш, маселе мына ошондо.

5 Кызмат көрсөтүү жөнүндө айрым концессиялык макулдашууларга тийиштүү маалыматты ачып көрсөтүү боюнча белгилүү бир аспектилер жана талаптар учурда иштеп жаткан Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында камтылган (мисалы, ФОЭС (IAS) 16 негизги каражаттар объектилерин сатып алууга карата пайдаланылат, ФОЭС (IFRS) 16 активдердин ижарасына карата пайдаланылат, ал эми ФОЭС (IAS) 38 материалдык эмес активдерди сатып алууга карата пайдаланылат). Бирок, ФОЭС (IAS) 37 колдонулгандарга карата келишимдер оордотулган болгон учурларды кошпогондо, кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуу Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарында каралбаган милдеттерди аткаруу боюнча келишимдерди камтышы мүмкүн. Мунун натыйжасында бул Түшүндүрмө кызмат көрсөтүүгө концессиялык макулдашуулар боюнча маалыматтарды кошумча ачып көрсөтүүлөргө карата талаптарды камтыйт.

## Консенсус

6 Финансылык отчеттуулуктагы эскертүүлөрдө тийиштүү ачып көрсөтүүлөрдү аныктоодо кызмат көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуунун бардык аспектилери каралууга тийиш. Оператор менен концедент ар бир мезгилде төмөндөгү маалыматтарды ачып көрсөтүүгө тийиш:

(a) макулдашуунун сыпаттоосу;

(b) келекчектеги акча агымдарынын көлөмүнө, пайда болуу мөөнөтүнө жана айкындыгына таасир этиши мүмкүн болгон олуттуу шарттар (мисалы, концессия мезгили, бааларды кайра кароо күндөрү жана бааларды же макулдашуулардын шарттарын кайра кароону ишке ашырууга негиз болгон принциптерди);

(c) мүнөзү жана алкактар (мисалы, санын, убакыт мезгилин же сумманы):

(i) белгилүү бир активдерди пайдаланууга укуктар;

(ii) кызматтарды көрсөтүү милдеттери же кызматтарды көрсөтөт деп күтүүгө мүмкүнчүлүк берген укуктарды.

(iii) негизги каражаттар объектилерин сатып алууга же курууга тийиштүү милдеттерди;

(iv) концессиянын мезгилинин акырында белгилүү бир активдерди өткөрүп берүү же алуу укуктары боюнча милдеттерди;

(v) концессиялык макулдашууну узартуу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу мүмкүнчүлүктөрүн; жана

© ФОЭС Фонду

(vi) башка укуктарды жана милдеттерди (мисалы, инфраструктура обьектилерин капиталдык оңдоо боюнча);

(d) отчеттук мезгилдин ичинде келип чыккан макулдашууга өзгөртүүлөрдү; жана

(e) кызмат көрсөтүү жөнүндө макулдашуу кандай классификацияланганын.

6A Оператор финансылык активге же материалдык эмес активге курулуш боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алмашууга тийиштүү отчеттук мезгилде таанылган түшкөн кирешенин, ошондой эле пайданын же зыяндын суммасын ачып көрсөтүүгө тийиш.

7 Бул Түшүндүрмөнүн 6-пунктуна ылайык ачып көрсөтүү талап кылынган маалымат кызмат көрсөтүү жөнүндө ар бир концессиялык макулдашуу үчүн же кызмат көрсөтүү тууралуу ар бир концессиялык макулдашуунун классы үчүн агрегацияланган формада көрсөтүлүүгө тийиш. Кызматтарды көрсөтүү мүнөзү боюнча окшош болгон кызматтарды көрсөтүү жөнүндө концессиялык макулдашуулардын тобу класс катары эсептелет (мисалы, жол кире үчүн жыйым, телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр жана суу тазалоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр).

## Консенсустун күнү

2001-жылдын май айы.

## Күчүнө кирүү күнү

Бул Түшүндүрмө 2001-жылдын 31-январында күчүнө кирет.

Ишкана 6(e) жана 6A-пункттарында камтылган түзөтүүнү 2008-жылдын 1-январынан башталган жылдык мезгилдерге же бул күндөн кийинки мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ЭФОТК (IFRIC) 12 түшүндүрмөсүн алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүү дагы ушул алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

2016-жылдын январында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 16 5-пунктка түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16 менен кошо колдонушу керек.

© ФОЭС Фонду